УДК 398

К.Н. Адиев

# "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ ЖАЛГЫЗ КӨЗДҮҮ ПЕРСОНАЖДЫН ОБРАЗЫ

*Илимий макалада "Манас" эпосундагы жалгыз көздүү мифтик каармандын "Чоң казат" эпизодундагы эпикалык окуясы архаикалык эпостун жомоктук мифологиялык сюжети болгондугун жана ошондой эле бул сюжет кыргыз уруулары Саян-Алтай чөйрөсүндө жашаган мезгилде эле болуп, "Манастын" тарыхый негизи түзүлүп жаткан XI кылымдарда анын сюжетинин курамына киргизилгендиги ачылып берилди.*

Фольклордук чыгармаларда кеңири географиялык чөйрөлөргө таралып, көп элдерде сакталып келаткан традициялык мифтик персонаждардын белгилүүлөрүнүн бири-жалгыз көздүү мифологиялык образ жана ага байланыштуу эпикалык сюжеттер болуп эсептелет, Жалгыз көздүү мифтик персонаж жөнүндө окуя "Манас" эпосунун сюжеттик системасында традициялык түрдө негизги варианттардын дээрлик баарында айтылат Эпостун варианттарында: Макел-дөө, Макел-Малгун, Мадыкан, Мадышкер, Маамытбек деген энчилүү ысымдар менен аталып, негизги согуштук окуяда гана ("Чоң чабуул") кеңири баяндалат.

Жалгыз көздүү дөө жөнүндө алгачкы ирет белгилүү фольклорист, академик В.М. Жирмунский илимий талдоо жүргүзүп, төмөнкүчө мүнөздөмө берген: "Среди сказочных врагов Манаса в лагере калмыков и китайцев особого внимания заслуживают одноглазые великаны, известные в античном мифе и эпосе под именем Циклопов. Сказание об одноглазых великанах ("Жалгыз көздүү дөө") широко распространены в Средней Азии. В часности, повсеместное распространение имеет здесь сказочный сюжет, известный у большинства народов Запада и отраженный в "Одиссее" Гомера в рассказе об ослеплении Одисеем Циклопа Полифема. Сюжет этот засвидетельствован у тюркских народов уже в средневековом огузском эпосе "Китаби Коркуд" (Песнь о том, как Бисат убил Депе-Геза", Депе-Гез-одноглазый великан-людоед) [1].

Жалгыз көздүү дөө жөнүндөгү жомоктук-мифологиялык сюжеттин огуз элинин баатырдык эпосу "Китаби Коркутдагы " версиясына илимий анализ жүргүзүүдө

В.М.Жирмунский ага типтеш көптөгөн мисалдарды келтирип, өтө кеңири чөйрөгө таралган эл аралык жомоктук-мифологиялык сюжет экендигин белгилеген [1].

Кийинчерээк казак фольклористи Е. Д. Турсунов түрк-монгол элдеринин оозеки чыгармаларында сакталып келген жалгыз көздүү мифтик персонаждын көптөгөн варианттарындагы мисалдарды келтирүү менен аны сыйкырдуу жөө жомоктордо, легенда –аңыздарда жана баатырдык эпостордо ар кандай версияларда айтылып, көп элдерде болгондугун көрсөтөт [2].

"Манас" изилдөөчү Э. Абдылдаев "Манас" эпосун салыштырма жол менен изилдеген эмгегинде Сибирь чөйрөсүндө жашаган түрк-монгол элдеринин фольклорунда жалгыз көздүү мифтик персонаж туруктуу терс каарман катарында айтылгандыгын фактылар менен белгилеген. Мисалы, жалгыз көздүү персонаж алтайлыктарда Сокор-Кара же Желбис-Сокор, Хакастарда Сарсыг Харахтыг, шорлордо Пагыр-тайчи деп аталат. Якуттардын олонхолорунда (эпосторунда) жалгыз көздүү персонаждар терс каармандардын (абаастар) жардамчылары болуп милдет аткарат. Буряттардын мифтик аңыз-легендаларында ырайымсыз духтардын башчысы жалгыз көздүү болот. Тува элинин фольклорунда Албыс менен Шулбус оозунан жалын чыгып, таноолорунан түтүн чыккан, маңдайындагы жалгыз көзү жаркылдаган адамдарга ар дайым зыян келтирген ырайымсыз каардуу душман катары сүрөттөлөт [3].

Монголовед фольклорист Г.И. Михайлов монголдордун баатырдык эпосторундагы традициялык мифтик персонаждардын бири-адам жегич жалгыз көздүү каарман туруктуу айтылгандыгын көрсөтөт. Мисалы, XIII кылымда (1240ж.) жазылып калган "Сокровенное сказание монголов" аттуу чыгармада маңдайында жалгыз көздүү мифтик персонаж Дуба-Сохор деп аталат [1]. Изилдөөчүлөрдүн көз карашы боюнча бул жыйнактын автору монгол урууларынын фольклордук чыгармаларындагы байыркы мифологиялык образды пайдаланып киргизишкен деп эсептешет [4].

Эми "Манас" эпосунун сюжеттик системасындагы жалгыз көздүү мифтик каарман жөнүндөгү эпикалык окуя эпостун составына анын өнүгүшүнүн кайсы баскычында киргендигин белгилеп алышыбыз керек. Албетте, "Манас" тарыхый сюжеттик көп калың катмардан калыптанган эпос болгондуктан, анын курамындагы жомоктук-мифологиялык сюжеттер менен мотивдерди кийин кошумчалап киргизилген катмар деп ойлоого болбойт. Бул типтеги мифологиялык сюжет башка классикалык эпостордо да традициялык түрдө сакталып келгендигинен эле бул сюжет да ал эпикалык чыгарманын тарыхый негизи жаралган мезгилде эле анын сюжеттик курамына киргендигин белгилөөгө болот. Мисалы, "Одиссея", "Шах-наме", "Китаби-Коркуд", "Сокровенное сказание монголов" ж.б. эпикалык чыгармаларда туруктуу түрдө алардын сюжеттик циклинен закондуу орун алып тургандыгынан эле ачык байкоого мүмкүн. Орус фольклористи Е.М Мелетинскийдин бул маселе боюнча төмөнкү пикирине толук кошулууга болот: "Архаический (мифологический) слой легко обнаруживается и во многих классических эпопеях".[5] Мындай баатырлардын мифологиялык жандыктарга (душмандарга) каршы күрөшүү окуясы классикалык эпостордун алгачкы катмарына таандык болоорун Хакас эпосторунун этаптык өнүгүшү жөнүндө фольклорист В.Е. Майногашеванын айтканын эске алсак да түшүнүктүү болот:"Среди образов врагов особое место занимают мифологические существа-злые духи, ведьмы-Хуу-хат,

чельбигены, айна, Арлик (Эрлик) хан. В большинстве героических сказаний данного периода они выступают не самостоятельно, а как помощники Ханов-инопленников, занимают по отношению к ним подчиненное, зависимое положение" [6]. Хакас элинин жалпы эпикалык чыгармаларын анализдөөнүн негизинде айтылган бул пикир боюнча төмөнкүдөй корутундуга келебиз.

Демек, "Манас" эпосунун курамындагы жалгыз көздүү мифтик персонаж жөнүндөгү анын тарыхый негизи түзүлгөн алгачкы баскычында эле болгон деген жыйынтыкка келебиз. Жалгыз көздүү мифтик персонаж (Макел-Малгун,Мадыкан) катышкан эпикалык окуя эпостун негизги согуштук эпизоду "Чоң казат" (Чоң чабуул) бөлүгүндө айтылгандыгы белгилүү.

"Чоң казат" эпизоду эпостун традициялык согуштук окуясын түзгөн негизги эпизоддун бири катары жалпы чыгарманын тарыхый өнүгүшүнүн бардык баскычтарында көркөм эпикалык катмарлануу менен трансформацияланып келгендиги талашсыз. Бул мифтик окуя согуштук эпизоддун жалпы идеялык-мазмуну менен бирге, анын сюжетинин ажырагыс составдык компоненти болгондуктан, чыгармачылык процессте бирдей эле эпикалык жалпылаштыруу, бирдей эле трасформациялануу баскычтарынан өткөндүгү да шексиз. Ошондуктан, жалгыз көздүү Макел-Малгун жөнүндөгү жомоктук-мифологиялык персонаждын образы да, сюжеттик окуясы да алгачкы формасынан алда канча өнүккөн классикалык формага өсүп жеткендигин даана сезебиз.

Ошондой болсо да, Макел-Малгун мифтик персонаж болгондуктан, Сибирь чөйрөсүндөгү түрк-монгол элдеринин фольклорундагы традициялык жалгыз көздүү мифтик персонаж менен генетикалык байланышы бар экендигин жана аларга мүнөздүү белгилердин да ишенимдүү сакталып келгендигин байкайбыз. Мисалы, Сагымбай Орозбак уулунун вариантында:

Маңгубанын башаасы,
Бүтүлүү бийик тоо экен
Коргон кылган кашаасы,
Үй ордуна киргени
Үлкөн тоонун үңкүрү,
Кирип чыгып, жүргөнү
Көз учкан таштын чуңкуру.
Ант ургурдун өзү бар
Бакыраят ачылса,
Маңдайында жалгыз көзү бар.
Адам уулу билгисиз
Аркы - терки сөзү бар [7].

Мында, Макел-Малгун мифтик персонаж катары анын образындагы типтүү традициялык белгилердин (жалгыз көздүү болушу, тоонун үңкүрүндө жашашы) туруктуу сакталганынан ачык көрүнөт.

С. Каралаевдин вариантында да төмөнкүчө мүнөздөлөт:

Чоң Малгун деген зору бар,
Алачыктай чочмору
Алышарга колу бар
Боз качыр өңдүү аты бар.
Адамдан башка сөзү бар,
Маңдайынан карасаң

Көнөктөй жалгыз көзү бар.
Малгундун жалгыз көзү деп,
Чечекейге эр Садык
Муштап эми өттү эле,
Жалгыз көзгө сайдырып,
Чечекейден айрылып[1].

Демек, эпостун толук жазылган эки вариантында архаикалык типтеги негизги белгилери туруктуу түрдө ишенимдүү сакталып келгендиги ачык көрүнүп турат. Мисалдардан көрүнүп тургандай, эң негизги мифтик белгиси жалгыз көздүү болушу жана эпикалык баатырлар жалгыз көзгө сайып өтүшү:ошондой эле анын үңкүрдө жашашы, адамдарды, жан-жаныбарларды жеши; дагы "Бийиктиги миң кулач,бир керик экен мингени" (С.О.), "Боз качыр өңдүү аты бар" (С.К.), "Чатындагы кыстарган, үйдөй күрсү чоюнбаш" (С.О.), "Алачыктай чочмору, алыпарга колу бар" (С.К.) ж.б. Мындан башка да толуп жаткан мифтик персонаждардын образына мүнөздүү архаикалык элементтерди белгилөөгө болот.

"Манас" эпосу кыргыздардын майда уруулардан биригип өзүнчө эл болуп түзүлүшүнүн жана көчмөн феодализмдин шартында узак мезгилдерди, анын татаал баскычтарын башынан өткөрүп келгендиктен, улам реалдуу элементтер менен катмарланып олтуруп,тарыхый баатырдык эпос болуп калыптанды. Ошондуктан ал узак мезгилдин аралыгында закон ченемдүү түрдө эволюциялык баскычтарды өтүп, улам архаикалык, жомоктук-мифологиялык кубулуштары жоголуп, же трансформацияланып отургандыгы да закондуу көрүнүш.

Мисалы, С.Орозбак уулунун вариантында:

Туңша деген тоо деген,
Тоонун чоңу шоо деген,
Бизден кыям шашкелик
Күн жүрүштүн тарабы
Бир чекеси ал жердин,
Дөө-периге карады.
Дөө-periси мол деген,
Ушу жерден ар жакка
Төрт айчылык жол деген.
Маңбуга деген жер деген,
Сазаңшаң деген эл деген,
Сазаңшаңдын улугу
Макел-Малгун эр деген[9].

Мында, жалгыз көздүү мифологиялык персонаж Макел-Малгун деп энчилүү ат менен аталып Мангуба деген жерде жашаган,Сазаңшаң деген элдин өкүлү болуп айтылып, кандайдыр реалдуу мүнөздөмө берилип жатат. Туңша тоосу деп конкреттүү тоонун атын (кыт.Дунсян, Дуңшяң) [10] билгизет. Бул кытайдын Ганьсу провинциясында жашаган эл жана алар мекендеген тоолуу өлкө. Мындан тышкары да кийин эле анын образын сыпаттоого колдонулган каңзага салып тамеки тартканы ("Канжа менен түтүн жеп") ж.б. белгилер киргизилген. Макел-Малгундун портрети, анын соргоктугу сыяктуу сапаттары да мифологиялык персонаждарга мүнөздүү гиперболикалык ыкмада баяндалат.

Макел-Малгунду өлтүрүүдөгү дагы бир традициялык типтүү учур- бул анын жалгыз көзүн сокур кылып өлтүрүү мотиви.С.Каралаевде Сыргак найза менен жалгыз көзгө сайып чечекейин агызса, Сагымбайда Алмамбет мылтыгы менен көзгө атат:

Ок көзүнө мылгыды,
Чечекейи челектей
Жерди көздөй ыргыды-деп айтылат.

Албетте, жалгыз көздүү жомоктук-мифологиялык персонаждарды сокур кылып өлтүрүү дүйнөлүк фольклордук чыгармаларда (мифтер, жомоктор, легендалар, эпостор) кеңири таралган традициялык сюжет экендиги талашсыз маселе. Легендаларда жана жомоктордо көбүнчө отко ысытылган шиш менен саюуу мүнөздүү болсо, баатырдык эпостордо жоо куралдары аркылуу сокур кылып өлтүрүү мотиви мүнөздүү. Мисалы, "Шахнаме" дастанында жалгыз көздүү Исфендиарды Рүстөм сыйкырдуу эки ача жебе менен сокур кылып өлтүрөт. Ал эми "Манас" эпосунда болсо Макел-Малгунду Сыргак найза менен көзгө сайса (Саякбай), Алмамбет мылтык менен көзгө атып өлтүрөт (Сагымбай, "Манас" эпосунун Багыш Сазанов айткан вариантында Макелдин көзүн сокур кылып өлтүрүү мотиви айтылбастан, өзгөртүлүп, бул мотив кийин модернизацияланып түшүндүрүлгөн.

Бул варианттагы Макел дөө жөнүндөгү эпизоддун кыскача мазмунун келтирип көрөлү. Башка варианттардагыдай эле окуя жалпысынан бирдей баяндалат. Алмамбет, Сыргак-экөө чалгынга жөнөп кеткенден кийин, аны укпай калган Чубак чатак чыгарып, акыры аны Манас ээрчитип алып, артынан тез жүрүп, берки экөөнө жетишет. Акырында Алмамбет Чубакты ээрчитип Кытайдан кабар алып келүү үчүн жөнөшөт. Жолдон "Алачыктай темирден чочмор алган, канжа тартып келаткан" Матышкер (Макел, Мадышкан) жолугат. Алмамбет Чубакка Макелдин баянын түшүндүрүп, Маңгүбөнү жердеген дөө экендигин билдирет. Чубак келтеге (Мылтык) ок салып,даары куюп даярданып, "өлчөлүү жериң ушу" деп атат."Кой боорундай коргошун Макелдин табарсыгына тиет, Алмамбет түтүн менен кошо жетип, найза менен "туулганын алды деп", кулагынын казанчыгына эки колдоп саят. Макел алтымыш батман чоюнду жаза кармап келатканда төкөр уста Бөлөкбай жасаган эшик эндүү айбалтасы менен Чубак аны калканына "каңк" дедире салганда, Макел керигинин үстүнөн тоголонуп кетет. Алмамбет баса калып,мууздап жиберет. Күрмөсүн тээп туруп сыйрып алып, Бээжиндиктей болуп анын кийимин кийип алат. Чубак Макелдин башын кесип алып, эки ээрдинен тешип, артынып алат. Экөө кайра келатса, Сыргак дүрбү салып карап отуруп, чочуп кетет. Бээжиндикче кийинген Коңурбай окшойт деп, Манаска айтат. Сыргак кайра карап Алмамбет экенин таанып, Чубак артынган Макелдин башын көрүп: "Калчаны (Коңурбай) кудай берген көрүнөт" деп сүйүнөт. Макелдин башын жакындан көргөндө чоочуп кетип: "Кербенчинин башы бу болсо, жоо жоолаган кытайы кандай болот"-деп, коркуп калат. Макелдин эпикалык портрети ушул учурда көркөм берилет:

Эми мурут имерсе
Тегирмендин барадай,
Эки көздүн ортосу
Тогуз карыш чарадай,
Көзү көлдүн быткыдай,

Ошол келген Макел дөө
Тиктегенин жуткандай,
Каш кирпиги бородой,
Эки көздүн чуңкуру
Буудай ачкан ородой [11].

Манасчы Б.Сазановдун вариантында мифологиялык персонаждын негизги традициялык белгилери жалгыз көздүү болушу жана аны сокур кылып өлтүрүшү көрүнүп турат. Айрым гана сырткы белгилери: зор болушу, керик минип, чоюн чокмор алып жүрүшү сыяктуу жалпы сапаттары гана сакталган.

Эпикалык чыгармаларды (жомок, эпос) изилдөөчү фольклористтер мифологиялык образдардын пайда болушу жөнүндө ар кандай пикирлерди айтып келе жатышат. Орус фольклористи В.Аникиндин мындай бир көз карашынын жүйөлүү экендигин белгилеп кетсек болот: "Каменные уступы гор, обнаженные земные породы, разрушенные и обточенные водой и ветром, нередко образовывали причудливые формы и фигуры, напоминавшие гигантских исполинов. Воображение наделяло бездушные камни жизнью. Такие представления о каменных людях хорошо сохранил сказочный фольклор некоторых сибирских народов"[12].

Албетте, бардык элдердин мифологиялык түшүнүктөрүнүн жалпысына алар жашаган географиялык айлана-чөйрөдөгү табияттын реалдуу эле көрүнүштөрү менен кубулуштарынын таасири негиз болгондугу талашсыз. Байыркы адамдар өздөрү жашаган географиялык чөйрөнүн шартына жараша, ошондой эле космикалык кубулуштар жөнүндө түшүнүктөрүнө карата бардык реалдуу көрүнүштөрдү жандуу катарында баамдоонун натыйжасында мифологиялык образдарды (зооморфтук, авнтропоморфтук формаларда) жаратышкан. Ошондуктан: "В фантастических образах мифологии широко отражены реальные черты окружающего мира"- деп, Е.М. Мелетинский белгилеп жатат.

Демек, "Манас" эпосундагы мифологиялык персонаж Макел-Малгундун (Мадыкан) эпикалык образы жогоруда В.П.Аникин туура көрсөткөндөй, тоонун жалпы көрүнүшүн анимистик элестөөлөрүнө карата персонификациялоодон жаралгандыгы байкалат. Жалгыз көздүү Мадыкан (Макел-Малгун) дөө жөнүндөгү мифологиялык персонаж жана ага каршы күрөшкөн согуштук сюжеттик архаикалык формасы Сибирь чөйрөсүндө жашаган кезде эле кыргыз урууларына белгилүү болгондугун айрым реалиялар аныктап турат. Мисалы, "Манас" эпосундагы жалгыз көздүү мифтик каарман "Мадыкан" деген энчилүү ат менен аталышын эсептөөгө болот. Бул энчилүү ат (антоним) Хакасиянын территориясындагы реалдуу Падын-Таг тоосунун аты (топоним) менен байланыштуу деп кароого негиз берет.

Алтай, Саян тоолорун мекендеген түрк тилиндеги элдердин (алтай, хакас, шор, тува) тарыхын изилдеген советтик этнограф Л. П. Потапов Хакас элинин этнографиясы боюнча изилдөөлөрүнүн биринде: Хакастардын Сагай урууусунун Карга уругунун шамандары реалдуу Падын-Таг тоосун өздөрүнүн түпкү атасы (тотем) деп эсептешээрин ишенимдүү аныктайт [13]. Хакастар менен аралаша карым-катышта жашап келатышкан шор элинин түшүнүгүндө тоонун ээсин (дух) Падыкан (Мадыкан) деп аташкан [14]. "Манастагы" жалгыз көздүү дөөнүн образындагы бир катар түшүнүктөр да анын тоонун духу менен байланыштуу экендигине көмөкчү далилдерди берет. Мисалы, ал "бүтүлүү бийик тоодой

коргондо, үлкөн тоонун үңкүрүндө" жашайт. Көп элдердин фольклорундагы традициялык мифтик персонаж туруктуу түрдө тоонун үңкүрүндө турушкандыгы белгилүү. Албетте, Мадыкан да тоонун ээси жөнүндөгү мифтен жаралып, көп элдердин оозеки чыгармаларынын айрым жанрларында (миф, легенда, кереметтүү жөө жомок, эпос) традиция боюнча сакталып келген мифологиялык образдардын бири катары алар менен генетикалык жагынан да, типологиялык жагынан да типтеш болгон каарман деген тыянакка келишибиз керек. Ар бир элдин тарыхый жана коомдук-социалдык өнүгүшүнө көз каранды түрдө бул кеңири таралган традициялык мифтик образ жана ал жөнүндө эпикалык окуя (сюжет) өнүгүүнүн ар башка баскычтарындагы абалда калып, ар түрдүү формалардагы фольклордук көрүнүш боюнча сакталып келди.

"Манас" эпосундагы жалгыз көздүү мифтик персонаж "Мадыкан" деген энчилүү аттан башка "Мадышкер", "Макел-дөө", "Малгун" деген аттар да синонимдик ат катарында айтылгандыгы маалым. Мында "Мадышкер" деген аттын "Мадыш" деген компоненти "Мады" деген сөздүн эле бир варианты, "Кер" деген компоненти болсо айрым түрк тилдеринде архаикалык формага өтүп, бирок "чоң", "зор" деген түпкү мааниси пассивдүү учурайт. Мисалы, алтайда Кер-Жутпа (мифтик жанрдык)-бул Чоң жутма, Кер-Балык-Чоң-Балык (кит) деген маанилерде айтылат. Кыргыздарда да "Керней баштуу кер жылан" деген бакшылык формулада чоң жылан же ажыдаар маанисиндеги түшүнүктө айтылгандыгы ачык туюлуп жатат. Эпостун өзүндө да эпикалык душман персонаждарга "чоң" деген эпитет да туруктуу колдонулары белгилүү. Мисалы, Чоң Малгун, Чоң Жолой, "Одурайган чоң Коңур" ж.б.

"Макел-дөө" деген синонимдик варианты башка элдин фольклорунан маданий таасир аркылуу кабыл алынган деп эсептейбиз. Мисалы, "Көр уулу" эпосунун өзбек версиясы циклине кирген "Малика-аер" дастанынын душман каарманынын аты "Макатил дөө" деп аталат. Албетте, кийин X1X кылымдын 2-жарымында коңшу тектеш тилдеги элдер (казак, өзбек) менен маданий байланыштар кеңири өнүгө баштаганы жалпыга маалым. Бул тарыхый кырдаалда өз ара маданий алакалар кеңири жайылып, китептик маалыматтар да таралып, бири-биринен өздөштүрүү процесси активдүү жүргөн учуру болгон. Ошондуктан, "Манас" эпосу да оозеки формада айтылып,ургалдуу өнүгүп турган этабы болгондуктан, көптөгөн фольклордук маалыматтарды өзүнүн идеялык багытына ыңгайлаштырып сиңирип тургандыгы талашсыз чындык. Ошондой фактылардын бири "Макетил дөө" деген энчилүү ат. Эпосто болсо, эпикалык ыр түзүлүштүн жана ыргактуулуктун эрежесине ылайык "Макел дөө" деп, муун эсебин кыскартып кабыл алгандыгы сезилип турат.

Ал эми "Малгун" деген аты кийин эле киргизилгендиги шексиз. Араб тилинде Малгун [1]-проклятый (кыргызча: каргыш тийгир). Фольклордук чыгармалардын популярдуу каармандарынын негизги туруктуу эпитеттери кайра өзүлөрүнүн ысымдарынын синоними катарында функция аткарып, алардын энчилүү аттарынын бири болуп колдонула берери закон ченемдүү көрүнүш. Мисалы, "Канхор", "Айкөл" ж.б. деп да атай берет. Коңурбайды-Калча деп, Македонскийди-Искендер, Зулкарнайын ж.б. деп алмаштырып колдоно беришет.

Корутундулап айтканда, "Манас" эпосундагы жалгыз көздүү мифтик каармандын (Мадыкан, Макел-Малгун) "Чоң казат" эпизодундагы эпикалык окуясы

архаикалык эпостун жомоктук-мифологиялык сюжети болгондугун, жана ошондой эле бул сюжет кыргыз уруулары Саян-Алтай чөйрөсүндө жашаган мезгилде эле болуп, алар өздөрү менен кошо ала келгендигин, "Манастын" тарыхый негизи түзүлүп жаткан шартта X-XI кылымдарда анын сюжетинин курамына киргизилген деген пикирге келебиз. Ошондой эле орустун көрүнүктүү фольклористи В.Я. Пропптун бул типтеги алгачкы эпостордун жаралышы жөнүндө айткан жалпы теориялык жобосуна толук кошулабыз. Ал: "Эпос мифологиянын топурагында пайда болот. Бирок, мындан эпос мифологиянын уландысы менен өнүгүшү экен дегендикке жатпайт… Эпос мифтен эволюциялык жол менен эмес, анын өзүн жана бардык идеологиясын тануудан жаралат" [15].

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Жирмунский В.М. "Огузский героический эпос и Книга Коркута". Книга моего деда Коркута. -М.,-Л., 1962. -С.214-227.
2. Турсунов Е.Д. Тюрко-монгольские версии сказания об ослеплении Циклопа //Советская тюркология. -1975 -№3.. -С.36-43.
3. Абдылдаев Э. "Манас" эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары. Фрунзе, 1981, 23-24-беттер.
4. Михайлов Г.И. Мифы о героическом эпосе монгольских народов. Краткое сообщение института народов Азии. -М., 1964. -83,119-бет.
5. Мелетинский Е.М. Поэтика мифа. -М., 1964. –С.170.
6. Хакасское народное поэтическое творчество. Абакан, 1972. -С.124.
7. Сагынбай Орозбак уулу, Манас, 1У китеп. -Фрунзе, 1982, 223-бет.
8. Саякбай Каралаев, Манас, 11 китеп, -Фрунзе, 1986, 129-131 –беттер.
9. Сагынбай Орозбак уулу, Манас, 1У китеп. -Фрунзе, 1982, 224-бет.
10. "Манас" эпосунун сөздүгү. -Бишкек, 1995. -54-бет.
11. Сазанов Б. Манас, инв. 1079, -бет.
12. Аникин В.П. Русский богатырский эпос. -М., 1964. -С.28.
13. Потапов А.П. Этнический состав сагайцев //Советская этнография. -1947. -№3. -С.117.
14. Дыренкова Н.П. Шорский фольклор. М.-Л., 1940. –С.252.
15. Пропп В.Я.Русский героический эпос. -М., 1958. Изд.2-ое. -С.33,53.